**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАСТАР ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д 07.16.528**

Кол жазма укугунда
УДК 947:37:008:339.9

**АГГҮН КАДРИ**

# Билим, илим жана маданият тармагындагы Кыргызстан менен Түркиянын кызматташтыгы (1992-2012 жж.)

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2016**

**Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасында даярдалды**

**Илимий жетекчи:** Тарых илимдеринин доктору, профессор
**Абдырахманов Төлөбек Абылович**

**Расмий оппоненттер:** Тарых илимдеринин доктору
**Койчуманова Чолпон Урушбековна**

Тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Сырдыбаев Туратбек Токтобекович**

**Жетектөөчү мекеме:** **К.Карасаев атындагы БГУнун Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы**

**Дареги: Бишкек ш., Мир проспектиси 27**

Диссертация 2016-жылдын «31» октябрында саат 16.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а, 2-корпус, жыйындар залы

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а.

Автореферат 2016-жылдын «30» сентябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, т. и. д.** **Курбанова Н.У.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Эгемендүү Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттер менен саясий, экономикалык, соода жана маданий кызматташтыгын изилдөө өлкөнүн тарых илиминин учурдагы актуалдуу маселелеринен экени талашсыз. Анткени, тарых илими мындай маселелерди илимий негизде изилдөө менен туура жыйынтык чыгарып, коомдун жашоосунун багыттарын туура тандоого жана келечектеги коомдук турмушту максатка ылайык багыттоого көмөк көрсөтөт. Мунун далили катары Кыргыз Республикасынын Президенти А.Ш. Атамбаевдин 2012-жылы 27-январда «Кыргыз элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү» Жарлыгын жана 2016 жылды «Тарых жана маданият» жылы деп жарыялашын айтууга болот.

Белгилүү болгондой, 1990-ж. 16-декабрда Кыргызстан өзүнүн эгемендүү республика экендигин, ал эми 1991-ж. 31-августунда Кыргызстан өзүн көз каранды эмес мамлекет катары дүйнөгө жарыялап, эл аралык уюмдардын толук кандуу мүчөсү, эркин мамлекет болуп калды. Кыргызстандын суверендүүлүгүн Түркия Республикасы эң алгачкылардан болуп тааныгандыгы баарыбызга маалым. Ошол зор тарыхый доордон бери Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы өз ара кызматташтык мамиле саясий, экономикалык, илим, билим берүү, маданий ж.б. тармактарда абдан кызуу өнүгүп келүүдө. Ушундан улам,эгемендүү Кыргызстан Түркия мамлекетинин тышкы саясатында маанилүү орунду ээлеп келген.

Бул аралыкта боордош эки мамлекеттин ортосундагы кызматташуу бир нече этаптарды башынан өткөрүп, бир нече форматта жана мүнөздө ишке ашырылып келди. Айрым маселелер боюнча эки тараптуу жана көп тараптуу форматтагы мамилелер жакшы үзүрүн берсе, башка маселелер боюнча түрк тилдүү өлкөлөрдүн кызматташтык платформасы менен ислам өлкөлөрүнүн кызматташтык долбоорлорунун алкагындагы иштер пайдалуу болду. Мындан сырткары, Кыргызстан менен Түркиянын бири-бирине колдоо көрсөтүү кызматташтыгы эл аралык ири уюмдардын иш алып баруу алкагында дагы ишке ашырылып келгени белгилүү.

Эки мамлекеттин өз ара кызматташтыгынын багыттары дагы ар түрдүү болуп, жакшы натыйжаларды жарата алды. Саясаттагы, эл аралык мамилелердеги жана экономикадагы маселелер биздин илимий кызыкчылыкка туура келбегендиктен диссертацияда алар жөнүндө азыноолак гана сөз болду. Биздин илимий кызыкчылык эки өлкөнүн ортосундагы гуманитардык багыттагы кызматташтыктар, анын ичинен билим, илим жана маданият жаатындагы алакалаштыктарга багытталган. Себеби, XXI кылымда абдан

баалуу болуп жаткан адам ресурстарын өнүктүрүүгө арналган бул багыттардагы кызматташуу Кыргызстан үчүн өтө актуалдуу маселе болуп саналат. Маселенин актуалдуулугу Кыргызстандын нефть, газ сыяктуу стратегиялык ресурстары аз болуп, муну адам ресурстары менен компенсациялоого болгон аракети менен дагы түшүндүрүлөт.

Түркия менен Кыргызстандын гуманитардык багыттагы байланыштары жаралуу, калыптануу жана өнүгүү этаптарын басып өтүп, азыркы учурда мындан аркы өнүгүү стратегиясын аныктап, аны ишке ашыруу жолдорун белгилөөнүн алдында турат. Албетте, мындай чоң иштин алдында ушуга чейин ишке ашырылган нерселерди туура баалап, жетишкендиктер менен мүчүлүштүктөрдү тактап алыш абзел. Бул диссертациялык изилдөө ушул ишке өз салымын кошот деген ниетте аткарылып, иштин актуалдуулугу ушуну менен түшүндүрүлөт.

**Диссертациялык иштин максаты.** Эгемендүү Кыргызстан менен Түркия мамлекетинин ортосундагы мыкты сапаттагы адам ресурстарын даярдоо боюнча болгон гуманитардык багыттагы кызматташтыктын 20 жылдык тарыхын изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн милдеттери.** Коюлган максатка жетүү үчүн диссертациянын алдына төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:

– эки өлкөнүн дипломатиялык алакаларынын түзүлүшүн жана өнүгүшүн изилдөө, алардын этаптары менен багыттарын тактоо;

– мамлекеттик деңгээлде белгиленген, кол коюлган эки жана көп тараптуу келишимдердин турмушка ашуусун жана алардыннатыйжаларын аныктоо;

– билим берүү, илим жана маданият чөйрөсүндөгү келишимдерди иликтөө жана алардын ишке ашырылышын, натыйжаларын изилдөө;

– Түркиянын эл аралык уюмдарынын билим, илим жана маданият багытындагы Кыргызстандагы алып барган иштерин изилдеп, баа берүү;

– Түркиянын билим, илим жана маданият чөйрөсүндөКыргызстанда иш жүргүзүп жаткан мамлекеттик ишкана жана уюмдарынын иштерин изилдеп, аларга баа берүү;

– билим берүү жана маданият жаатында иш жүргүзүп жаткан Түркиянын мамлекеттик эмес ишкана, уюмдарынын ишмердүүлүгүн изилдөө жана алардын натыйжалуулугун тактоо;

– Түркия менен Кыргызстандын маданий-гуманитардык багыттагы алакалаштыгын карап чыгып, бул иштеги жетишкендиктер менен мүчүлүштүктөрдү белгилеп, алар боюнча тиешелүү сунуштарды даярдоо;

– диссертациялык ишти аткаруу үчүн эки өлкөнүн тиешелүү архивдериндеги материалдарды, айрым расмий иш кагаздарды, документтерди илимий айлампага киргизүү;

**Диссертациянын изилдөө объектиси** болуп Кыргызстан менен Түркиянын 20 жылдык кызматташуусунун тарыхы эсептелет.

**Эмгектин изилдөө предмети** болуп эки өлкө ортосундагы гуманитардык багыттагы адам ресурстарын өнүктүрүүгө арналган билим, илим жана маданият жаатындагы алакалаштыктар белгиленет.

**Теманын изилденүү деңгээли.** Эң оболу**,** бул теманын баардык маселелерин камтып, комплекстүү изилдөөгө алган атайын илимий эмгек али жок экендигин белгилемекчибиз. Бирок изилденген теманын ар кандай маселелрине арналган бир топ эмгектер бар. Аларды бир нече топко болуп карасак болот. Диссертациялык ишти аткаруудаКыргызстандык саясатчылар, эксперттер жана изилдөөчүлөр тарабынан жарыяланган жалпы тариздеги бир топ эмгектер пайдаланылды. Аларга Кыргызстандын тунгуч президенти А. Акаевдин [2.30], тарыхчылар Каана Айдаркул [2.45], Н.М.Омаров [2.52], А. А. Князев [2.46], А. Э. Джоробековалардын [2.39], саясат таанучу А. Джекшенкуловдун, дипломат, коомдук ишмерлер [2.28] М. Иманалиевдин [2.42], А. К. Токтомушевдин [2.60] , К. Н. Кулматовдун [2.48] эмгектерин кошууга болот.

Изилденген темага байланышкан эмгектердин кийинки тобун Кыргыз-турк мамилелериин ар тараптуу жагдайларына арналган иштер түздү. Алар – А. С. Ормушевдин [2.53] А. Орозалиеванын [2.54], Ш.Султановдун [2.59], Т.Асан уулунун [2.60], К.Н.Кулматовдун [2.48], Н. Янборисовдун [2.70], Döölötbek Saparaliyev [2.112] эмгектери.

Кыргызстан менен Түркиянын түздөн-түз билим, илим жана маданият багытындагы мамилелерине арналган эмгектердин дагы бир тобу тарыхчылар А. С. Ормушев [3.134], Т. А. Абдырахманов [3.126], И. В. Халанскийдин [2.65] жана илимдин ар кандай тармактарынын өкүлдөрү болгон Н. И. Асипова [2.32], М. Чыналиева [ 2.67], М. Эдилова [2.69], З.Чотаев [2.66], Орхан Инанды [1.30] сыяктуу авторлордун иштеринен турат.

Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы мамилелер түркиялык окумуштуулар тарабынан дагы излдөөгө алынган. Алар Prof.Dr. Ahat Andican [2.106], Mehmet Köse- [2.103], İmdat Pektemir [2.89], Kemal Özcan- [2.96], Sabir Askarov [2.111]. Prof.Dr.Mustafa Erdem [2.107] сыяктуу авторлордун эмгектери.

**Диссертациянын методологиялык негизин** илимий объективдүүлүк, диалектикалык, салыштырмалуулук, тарыхый-системалык, тарыхый-типологиялык жана статистикалык усулдар түзүп, социологиялык иликтөө усулдары дагы колдонулду.

**Изилдөөнүн маалымат булактарынын негизин** Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик архиви, Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви, тиешелүү министрликтердин, жогорку окуу жайлардын, эл аралык

коомдук уюмдардын, мекемелердин жана лицейлердин утурумдук архивдериндеги булактар түздү. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, мамлекеттик башка мекемелердин расмий чечимдери, гезит-журналдар жана интернет маалыматтары да кошумча булак катары пайдаланылды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары.** Кыргызстан жана Түркия Республикасынын экономикалык, чарбалык-финансылык ж.б. мамилелери бир кыйла деңгээлде изилденгени илимге маалым. Бирок, билим берүү, илим жана маданий тармактагы изилдөөлөр, алар боюнча практикалык жыйынтыктарга негизделген сунуштар өтө аз. Ошондуктан бул иште:

– кыргызтаануу жаатында оболку ирет Кыргызстан жана Түркиянын ортосундагы эки тараптуу социалдык-маданий тармактардагы алакалар комплекстүү изилденди;

– эки жана көп тараптуу келишимдердин натыйжасында ишке ашырылган билим берүү жана маданият багытындагы Долбоорлордун заманбап талаптарга жооп берүүсү илимий негизде талданды;

– мамлекеттик деңгээлдеги келишимдерге ылайык эки өлкөнүн ЖОЖдорунда, илимий мекемелерде даярдалган адистер жана алардын квалификациясы боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү;

– маданият тармагындагы алакалар, бул багыттагы жүргүзүлгөн иш-аракеттердин, Кыргызстан жана Түркиянын элдеринин этностук-маданий байланыштарынын тынымсыз жүрүп тургандыгы далилденди;

– диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы Түркиянын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес ишкана-уюмдарынын алган орду иликтенди;

– көптөгөн архивдик, статистикалык жана электрондук материалдар илимий айлампага киргизилди;

**Коргоого чыгарылган диссертациянын негизги жоболору.**

1. Кыргызстан менен Түркиянын өзара кызматташтыгы бир нече этаптарды басып өтүп, бир нече багыттарда ишке ашырылган. Алардын кызматташуусу эки жана көп тараптуу мүнөздө болуп, түрк тилдүү мамлекеттердин жана ислам мамлекеттеринин кызматташуу форматында дагы ишке ашырылып келген.

2. Эки өлкөнүн кызматташуусундагы маанилүү багыт гуманитардык багыт болуп, билим берүү, илим жана маданият жаатында дүйнөлүк алдыңкы жетишкендиктердин, прогрессивдүү жаңылыктардын үлгүлөрүн пайдалануу менен ишке ашырылып келген.

3. Гуманитардык багыттагы кызматташуунун негизги максаты XXI кылымда өзгөчө таңсыктык жаратып жаткан мыкты сапаттагы адам ресурстарын биргелешип даярдоо экендиги талашсыз.

4. Кыргыз Республикасы жана Түркиянын ортосундагы мамлекеттик келишимдердин негизинде түптөлгөн окуу жайлар жана маданий долбоорлор, бул багыттагы өкмөттүк деңгээлдеги жүргүзүлгөн башка иш-чаралар өз натыйжаларын бере баштады.

5. Түркиянын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес окуу жайлары, окуу мекемелери Кыргызстандын билим берүү системасына кирүү менен өлкөнүн билим берүү системасында оң таасирлүү атаандашууну (конкуренция) жарата алды.

6. Маданият тармагындагы байланыштарда соңку жыйырма жылдын ичинде түпкүлүктүү өзгөрүүлөр болуп өттү. Эки өлкө тарабынан биргелешкен Долбоорлор, китеп басмасы, кино, театр, сүрөт искусствосу, архитектура, скульптура, музыка ж.б тармактарда өз жемишин бере баштады.

7. Эки өлкөнүн ортосундагы гуманитардык багыттагы алакалаштыктарда ийгиликтер менен катар эле кемчиликтер дагы бар экендиги такталып, буларды четтетүү боюнча сунуштар бар.

**Диссертациянын практикалык мааниси.** Илимий иликтөөнүн негизги жыйынтыктарын жана сунуштарын эки өлкөнүн социалдык-экономикалык, маданий-гуманитардык алакалары боюнча монографияны даярдоодо, Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын жаңы концепциясын иштеп чыгууда, социалдык-маданий кызматташуу багытындагы мамлекеттик программаларды даярдоодо, Кыргызстандын жалпы тарыхын жазууда, жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн лекцияларды даярдоодо, курстук, дипломдук иштерди аткарууда пайдаланууга болот.

**Диссертациялык иштин программалар жана демилгелүү долбоорлор менен байланышы.** Диссертация жеке демилгелүү негизде аткарылды.

**Изилдөөнүн хронологиялык чеги** суверендүү Кыргызстан менен Түркия мамлекетинин өз ара алакаларынын 1992–2012-жж. өнүгүү этабын камтыйт.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациялары.** Диссертациялык иштин негизги жоболору Кыргыз Республикасында, Түркиядагы Эл аралык конгресстерде, конференцияларда апробацияланды, бул проблемага байланыштуу бир катар илимий макалалар жарыяланды, алар төмөнкүлөр:

1. Kırgızistan Tarihi ve Medeniyetinin Türk Basılı Yaymlarında yansıması, Международной научной конференции «Кыргызский Каганат в Контексте Тюркской Цивилизации: Проблемы Кыргызоведения», Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына15-16 Ноября 2012 г, Част -2 142 с, Бишкек

2. Kırgızistan Türkiye İlişkilerinde ‘’TÖMER’’ КНУ им. Жусупа Баласагына, Актуальные Проблемы Истории Кыргызстана, Материалы Респ. Науч. Конф., посвящен. 80-летию проф. Аттокурова С. А. с. 199 Бишкек 2013
3. «Кыргызстанда түрк тилин үйрөтүү борбору»\\VI Эл аралык илимий-практикалык конференция. Сулейман Демирел Атындагы Университет б.309 24/26.04.2014 Алма-Ата,
4. «Билим берүү системасынын жаңылануу жолдору»\\ И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин коомдук илимдер журналы б.104 Бишкек 2014
5. «Задачи Образования в Развивающимся Государстве» Журнал «Хабаршы-Вестник Казахского национального педагогического университета имени Абая. Серия «Исторические и социально-политические науки» №4(43), 2014
6. «Kirgizistan Milli Oyunları» Түрк Элдеринин Салттуу Спорттук Оюндары аттуу Эл аралык Симпозиум. КТУ «Манас»Бишкек 2015 59-63
7. Кыргызско-Турецкий университет Манас системные изменения позиций образования в Высшей школе Кыргызской Республики Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына, Спец. выпуск 2014–С.258-265
8. Взаимоотношения Кыргызстана с Турецкой Республикой в Области Образования УЧЕНЫЙ XXI ВЕКА международный научный журнал № 4-1 (17), апрель 2016 г.
9. Развитие Отношений Между Турцией И Кыргызстаном В Области Образования, Науки И Культуры УЧЕНЫЙ XXI ВЕКА международный научный журнал No 5-3(18), май 2016 г
10. Туркия Менен Кыргызстандын Билим Берүү, Илим жана маданият Багытындагы Келишимдери Жана Аларды Ишке Ашыруу Аракеттери УЧЕНЫЙ XXI ВЕКА международный науч. журнал No 5-3(18), май 2016 г.
11. ТИКА жана Кыргыз –Турк Алакалары, Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына, Спец. выпуск 2015 Бишкек
12. Кыргызстан тарыхы жана маданиятынын түркчө басмаларында чагылдуруусу Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына, Спец. выпуск 2015 Бишкек

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Илимий басылмаларда жарык көргөн эмгектер илимий талдоого алынып, айрым архивдик маалыматтар биринчи жолу изилденүү менен илимий айлампага алынып, аларга конкреттүү талдоолор жүргүзүлдү жана алар боюнча илимий-теориялык корутундулар чыгарылып, сунуштар берилди.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш – киришүүдөн, эки баптан, корутундудан, тиркемелерден жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ**

**Киришүү** бөлүмүндө теманын актуалдуулугу, диссертациялык иштин максаты жана милдеттери, изилдөөнүн жыйынтыктарынын илимий жаңылыгы жана коргоого алып чыга турган диссертациянын негизги жоболору, изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, диссертациянын жыйынтыктарынын апробациясы, иштин түзүлүшү жана көлөмү камтылган.

Биринчи бап, **«Кыргызстан жана Түркия Республикасындагы өз ара байланыштарынын өнүгүү шарттары»,** үч бөлүктөн турат. Анда Кыргызстан менен Түркия мамлекетинин ортосундагы билим берүү жана илим, маданият багытындагы кызматташтык, келишимдер жана аларды ишке ашырууга болгон аракеттер тууралуу маалыматтар берилген.

Биринчи бөлүк, **«Дипломатиялык алакалардын түзүлүшү жана эки тараптуу мамилелердин өнүгө башташы»** деп аталат. Анда Кыргызстан көз карандысыздыгына ээ болгондон тартып Түркия мамлекети менен болгон дипломатиялык алакалардын башталышы, эки өлкө ортосунда түзүлгөн бир катар келишимдер тууралуу маалыматтар берилет. Соңку чейрек кылымдын аралыгында суверендүү Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы социалдык-экономикалык, маданий, илим жана билим берүү жаатында алгылыктуу иштер аткарылып жатат. Мамлекет башчылары, өкмөттөр, министрликтер жана ведомстволор аралык жогорку денгээлдеги келишимдер учурда өз жемишин берип, эки өлкөнүн кызыкчылыктарына толук жооп берип жаткандыгынан коомчулук кабардар. Түпкү этностук теги жалпы, тилдик, маданий жактан өтө жакын болгон Түркия Республикасы Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн эң алгач тааныган, аны ар тараптан колдоого алган өлкө болорун билебиз. 1991-ж. 18-декабрында Түркия Республикасы Кыргыз Республикасынын суверендүүлүгүн тааныган. Ошол эле жылдын 24-декабрында Түркия Республикасы жана Кыргыз Республикасынын ортолугунда дипломатиялык (элчилик) мамилелер түзүлгөн. Ошол учурдагы Түркия Республикасынын Президенти Тургут Өзалдын демилгеси менен Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев алгачкы расмий сапары менен Анкара шаарына келген. 1991-ж. 22-декабрында Анкара шаарында болуп өткөн расмий жолугушууда “Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы достук жана кызматташтык” келишимине өлкө Президенттери кол коюшкан. [1.8] 11 беренеден турган эң алгачкы келишим эки өлкөнүн ортосундагы саясий, экономика жана маданият багытындагы

кызматташууну эл аралык тартипте жүргүзүүгө жол ачып, достукка өбөлгө түзгөн эң алгачкы расмий документ катары тарыхка кирген. Эки мамлекеттин башчыларынын ортосунда түзүлгөн жылуу мамиле жаңыдан жол ачылган кыргыз-түрк дипломатиялык кызматташтыгынын бекемделишине шарт түзгөн. 1992-ж. апрель айында Түркия Республикасынын өкмөтү Кыргызстандын борбору Бишкекте элчилигин ачкан. 1992-ж. октябрь айында Түркиянын борбору Анкарада Кыргызстандын элчилиги ачылып, эки өлкөнүн ортосунда элчилик деңгээлдеги алакалардын жүрүшүнө шарт түзүлгөн. [1.9]. 1994-ж. апрель айында Кыргыз Республикасынын Стамбул шаарындагы Генералдык консулдугу ачылган.

1992–2012-жж. Кыргыз жана Түркия Республикаларынын бийликтери тарабынан бир катар жогорку даражадагы кызматташуу келишимдерине кол коюлган. Ушул аткарылган иш-чаралар эки өлкөнүн ортосундагы достук, тугандык мамилелерин бекемдөө жана мындан ары да чыңдоо үчүн шарттарды түзүп берүү менен эки өлкөнүн биртуугандык биримдигине түрткү берген. [2.106]

Билим берүү, илим жана маданият тармактарындагы байланыштар дипломатиялык алакалардын түзүлүшүнөн соң өнүгүү жолуна түшкөнү маалым. Оболу, 1992-ж. 4-февралында Түркия Республикасынын Улуттук билим берүү министрлигинин делегациясы Кыргызстанга атайын расмий иш-сапары менен келип, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен билим берүү, илим жана маданият жаатындагы кызматташуу келишимине кол коюшкан. Ошол эле жылдын 6-апрелинен тартып аталган министрликтер тарабынан кол коюлган келишимдер күчүнө кирген. [1.18]

Түркия Республикасынын премьер-министри Сулейман Демирелдин Кыргызстанга жасаган расмий иш сапарында Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев менен жолугушуп, Кыргыз Республикасынын премьер-министри менен эки тараптуу кызматташуу келишимине кол койгондугу маалым.

Мындан сырткары, 1993-ж. 3-мартында Анкара шаарында Кыргыз Республикасы жана Түркиянын ортосунда аскердик билим берүү тармагындагыкызматташуу боюнча бир катар келишимдерге кол коюлган. Келишимдердин негизинде бүгүнкү күнгө чейин Түркиянын аскер окуу жайларында көп сандаган болочок мекен сакчылары билим алышып, көпчүлүгү аскердик кайра даярдоодон өтүшкөндүгү маалым. 1993-ж. 8-апрелинде Бишкек шаарында экономика, техника жана маданиятты өнүктүрүү жаатындагы кызматташтыкты өркүндөтүү Протоколуна кол коюлган. [5.157] Ириде, суверендүүлүктү жаңыдан кабыл алган жана өз

алдынча мамлекеттүүлүгү калыптана баштаган Кыргызстанга Түркия Республикасы тарабынан берилген колдоо сезилерлик даражада болгон.

Ошентип Кыргыз Республикасы суверендүүлүктү кабыл алгандан кийин Түркия Республикасы алгачкылардан болуп дипломатиялык алакаларды элчилик деңгээлде түзгөн мамлекеттердин бири. Элчилик деңгээлдеги түзүлгөн алакалардын негизинде жүздөн ашуу келишимдер, протоколдор ж.б. учурда ар тараптуу, ийгиликтүү иштеп жатат. Эки жана көп тараптуу келишимдердин натыйжасында тең укуктуу мамлекеттердин өз ара байланыштарынын негизги механизмдери иштелип чыкты.

Биринчи баптын экинчи бөлүгү **“Билим берүү жана илим, маданият багытындагы келишимдер жана аларды ишке ашырууга аракеттер”** деп аталып, анда Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы эки өлкөнүн мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдалануу максатында экономика, илим жана техника тармактарында маалымат жана тажрыйба багытында кол коюлган бир катар келишимдер жана аларды ишке ашырууга болгон аракеттер камтылган.

Кыргыз Республикасы көз карандысыздыгын алган күндөн тартып Кыргызстан жана Түркия Республикасынын маданият жана билим берүү тармагында кызматташтык өнүгүп, эки тараптуу тажрыйба алмашуу ишмердүүлүгү акырындык менен өз жемишин бере баштаганын белгилөөгө болот.

Келишимдер жана билдирүүлөрдөн сырткары, кыргыз-түрк алакалары бир кыйла келишимдик-укуктук базалык негизге ээ. Бул базалык негиз 100дөн ашуун макулдашуу, келишимдер, протоколдордон туруп, бүгүнкү жана болочоктогу кызматташтыктын бардык тармактарын өз кучагына камтыйт. Алар маданий-гуманитардык, илим жана билим берүү, саламаттыкты сактоо тармагындагы, бажы иштер менен байланышкан.

Аталган маселе боюнча реформаларын ишке ашыруу максатында Түркия Республикасынын тажрыйбаларынан пайдалануу сунушу киргизилип, бул багытта эки өлкөнүн кызматташтык иш-чаралары жүргүзүлө баштаган. Билим берүү долбоору аталган программалардын башкысы болуп эсептелет.

1991-ж. 22–23-декабрында Түркия Республикасынын Президенти Тургут Өзал жана Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаевдер эки өлкөнүн атынан Достук жана Кызматташтык келишимине кол коюшкан. [1.5] 11 беренеден турган келишимдин негизинде тараптардын макулдашуусу боюнча Протокол кабыл алынган. Анда экономикалык-финансылык маселелер менен бирге билим берүү жана маданият тармагына да өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Макулдашуу токтомунда төмөндөгүдөй пункттар бар: 4. Тараптар Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын арасындагы маданий байланыштарды мындан ары өркүндөтүүгө

чечкиндүүлүктөрүн билдиришти; 5. Билим берүү жана техника жаатындагы кызматташуу. а). Тараптар билим берүү жана илим жаатында кызматташууну өркүндөтөт, өзгөчө жогорку окуу жайлар ортосундагы өз ара алмашып окутууга көмөк көрсөтүшөт. Бул үчүн Түрк тарабы Кыргыз Республикасына ар түрдүү адистиктер боюнча стипендиялар берет. б). Түрк тарабы Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин кызматкерлерин жана башка мамлекеттик мекемелердин кызматчыларын даярдоого көмөктөшүү максатында окутуунун кыска жана узак мөөнөттүү программаларын иштеп чыгат. в). Түрк тарабы Кыргызстандын базар экономикасына өтүүсүндө банк иштери, менеджмент, маркетинг жана башка тармактарда техникалык жактан көмөк көрсөтөт, ошондой эле, бул маселелер боюнча окутуунун кыска жана узак мөөнөттүү программасын даярдайт. [1.9]

Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы достук жана кызматташтык Келишиминин 4- жана 5-беренелеринде "Тараптар эки Тараптын мүмкүнчүлүктөрүн жана потенцияларын дагы натыйжалуу пайдаланууну экономика, илим жана техника тармактарында маалымат жана тажрыйба алмашууну колдойт" деп жазылган: Билимдүү адистерди жана жетекчи кадрларды даярдоо максатында: "Тараптар экономиканын ар түрдүү тармактарында билимдүү адистерди жана жетекчи кадрларды даярдоо жана алардын билимин өркүндөтүү ишиндеги кызматташтыкка чоң маани беришет. Мектептердин жана жогорку окуу жайлардын студенттерин, стажёрлорун, окутуучуларын өз ара алмашууга көмөктөшөт" деген атайын берене киргизилген. [1.9]

Эки тараптуу алакалардын мисалы катары Кыргыз-Түрк "Манас" университетин алууга болот. Учурда бул университет эл аралык жана республикалык рейтинг боюнча Кыргыз Республикасындагы алдыңкы университеттерден болуп саналат.

Мындан сырткары, Кыргызстандын Билим берүү, илим жана маданият министрлиги менен Түркиянын Улуттук билим берүү министрликтеринин ортосундагы түзүлгөн келишим жана макулдашууларга ылайык Бишкек шаарында Түркия тарабы жагынан каржыланган Бишкектеги түрк башталгыч мектеби, Кыргыз-Түрк Анадолу эркек балдар лицейи, кыздардын Кыргыз-Түрк Анадолу кесипчилик лицейи, Бишкектеги Түрк тилин окуп-үйрөнүү борборун (ТӨМЕР) ачууга Кыргызстан тарап макулдугун берген. [2.62]

Мамлекеттер аралык макулдашууларга ылайык 1997–1998-окуу жылында Түркия Республикасынын алдыңкы жогорку окуу жайларында Кыргызстандык 1700гө жакын студент билим алышты. Өз кезегинде 1000ден ашуун Түркиялык жаштар Кыргызстандын бир катар

университеттеринде билимдерин улантып жатат. Деген менен соңку мезгилдерде мамлекеттик эмес уюмдар жана өз алдынча барып окугандардын саны улам көбөйгөндүктөн Түркия Республикасынын жогорку окуу жайларындагы билим алып жаткан кыргыз жарандарынын так санын алуу айрым учурда татаал болуп калат. Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы Түркиянын жогорку окуу жайларында 2000ге чукул кыргыз жаштары (2007–2008-окуу жылы) билим алып жаткандыгын, алардын тең жарымы Түркиянын бюджети тарабынан каржыланарын, жылына Түркиянын окуу жайларына 150 гранттык орун берилээрин белгилеген. [2.57]

Өкмөттөр аралык адистерди жана студенттерди алмашуу келишимдерине ылайык, 1992–2012-жж. аралыгында Түркия тарабынан Кыргызстанга 3622 бюджеттик орун берилген. Бул квотанын ичинен эки жарым миңге жакын орун кыргыз жаштарына берилип, билим алышкан, Кыргыз Республикасынын 500 атуулу Түркия Республикасынын аспирантура, магистратура, бакалавриат программалары боюнча билим алышып, бул өлкөнүн дипломдоруна ээ болушту. 2012-ж. карата Түркиянын жогорку окуу жайларында Кыргызстанда 1700 студент окуп, анын 750дөн ашууну мамлекеттик гранттын же квотанын эсебинен окуган. Ошол эле учурда 1500дөн ашык түрк студенттери Кыргызстандын окуу жайларынан билим алышкан .

Өнүгүүнүн жолундагы Түркия 2011-жылдан тартып билим берүү саясатын жаңыртты. Чет өлкөдөн Түркияга билим алуу үчүн келген жаштар “Өкмөткө караштуу четтеги түрктөр жана тууган калктар комитетинин” карамагына берилди. 2012-жылдын 17-сентябрында бул студенттер үчүн атайын Түркия стипендиялары программасы иштей баштады. Бул проекттин негизинде 1992–2012-жылдар аралыгында 1000ден ашуун кыргызстандык жаштар Түркияда проекттердин жана докторантура программаларында билим алышты. 2000-жылдан кийин «бул проекттерден» сырткары да, эки өлкөнүн билим берүү мекемелеринин ортосундагы кол коюлган келишимдердин негизинде жана жекемүмкүнчүлүктөрү менен Түркияга жогорку билим алуу үчүн кыргыз жаштары келе башташты. [2.121] Бул тизмеде, 1992-жылдан 2012-жылдын аягына чейин Түркиядагы университеттерди бүтүргөн 328 кыргызстандык магистрант жана докторант боюнча маалыматтар камтылды. «Түркиядагы университеттерди бүтүргөн кыргызстандык магистрант жана докторанттардын тизмеси» боюнча, магистратураны бүтүргөндөрдүн саны 247, докторантура жана ординатураны бүтүргөндөрдүн саны 47, магистрдик жанадоктордук даражаларынын экөөнү тең Түркия университеттеринде алгандардын саны 32, бир эле убакта эки башка университетте магистратурасын, аркасынан

докторантурасын бүтүргөндөр болсо 2 киши болду. Диссертация чогултуу ишинин экинчи баскычында, «Түркиядагы университеттерди бүтүргөн кыргызстандык магистрант жана докторанттардын тизмесин» негиз кылып, Жогорку билим берүү комитетинин улуттук диссертация борборунан университеттердин тиешелүү бөлүмдөрүнүн электрондук маалымат базаларынан жана университеттердин китепканаларынан кыргызстандык докторант жана магистранттардын диссертацияларынын темаларын жана кыскача мазмундарын чогулттук. Кээ бирдиссертациялардын тема жана мазмундарын диссертацияларды даярдаган мекендештерибиздин өзү менен түздөн-түз байланышып чогулта алдык. Жогоруда сөз кылынган тизмедеги 13 магистрант жана 2 ординатура бүтүрүүчүсүнүн диссертациясын таба албадык. Эмгегибизде «Түркиядагы университеттерди бүтүргөн кыргызстандык магистрант жана докторанттардын тизмеси» негиз кылынып 349 диссертация топтолду. Булардын ичинен 270 диссертация магистрдик, 79 диссертация доктордук диссертация болуп эсептелет. [2.121]

Жалпысынан алганда, соңку жылдардын аралыгында кол коюлган эки тараптуу келишимдер Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикаларынын ортосундагы экономикалык, гуманитардык, анын ичинде билим берүү, илим жана маданий тармактар багытындагы байланыштардын өнүгүүсүнө жол ачты. Учурда бул байланыштарды мектептер, жогорку окуу жайлар системасынан, илим изилдөө багыттарынан жана маданий чөйрөдөгү терең алакалардан байкоого болот.

Биринчи баптын үчүнчү бөлүмү **“Эл аралык уюмдар, фонддор аркылуу байланыштар жана алардын эки тараптуу алакаларга кошкон салымдары (ТИКА, ТҮРКСОЙ ж.б. уюмдар)”** деп аталып, анда эки тараптуу алакалардын андан ары бекемделишине салым кошкон эл аралык уюмдар, фонддор тууралу сөз болот.

Эл аралык уюмдар жана фонддор, мисалы, ТИКА, ТҮРКСОЙ ж.б. Кыргыз Республикасындагы билим берүү, маданият жаатында эки тараптуу келишимдер түзүлгөн мезгилден тарта бир катар иш-чараларды аткарып келишти. Бул алакалар жана иш чаралар өткөн кылымдын 90-ж. эле башталган. Кийинчерээк түзүлгөн Түрк Кеңеши (Стамбул), Түрк Академиясы (Астана) сыяктуу эл аралык уюмдар да илим, билим берүү жана маданият тармагындагы байланыштардын чыңдалышына жаңы динамика беришти.

Кыргызстан менен Түркиянын өз ара алакаларынын өнүгүшүнө 1992-ж. түзүлгөн ТИКАнын (Эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүнүн Түркия башкармалыгы) ролу зор. Кыргызстанда жана башка түрк тилдүү мамлекеттерде гуманитардык, экономикалык, маданият, соода жана техникалык иш-чараларды ийгиликтүү алып барууда. [2.62] ТИКАнын 18 мамлекетте

филиалдары бүгүнкү күнү иш алып барат. ТИКАнын филиалы Бишкек шаарында 1992-ж. 27-январында өз эшигин ачкан. Мисалы, 1992–1996-жж. аралыгында ТИКА Кыргызстанда 16 миллион АКШ доллардык ар кыл жардамдарды көрсөтө алды. [4.141]

ТИКАнын иш-чараларынын негизги багыты экономикалык, техникалык, маданий, билим берүү, укуктук тармактарда көмөк көрсөтүү болуп саналат. 2012-ж. чейин ТИКА тарабынан экономика багытында эле 30 проект, 324 атайын иш-чаралар уюштурулган. ТИКАнын 2009-ж. берген атайын отчетунда 67 миллиондон ашуун АКШ доллары билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, маданий байланыштар, айыл чарбасы ж.б. тармактарга жумшалган.

Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасынын ортосундагы түбөлүк достук жана кызматташтык тууралу келишимде (1997-ж.,24-октябрь) "Жогорку Келишим түзүп жаткан Тараптар (15 берене) эки өлкөнүн маданий жана билим берүү мекемелеринин ортосундагы контакттарды жана кызматташууну, ошондой эле адистерди бири-бирине жиберип турууну колдошот" деген берене бар. [1.5] Бул келишимдин негиздери өз ара пайдалуу болгон проекттердин турмушка ашуусуна шарт түздү.

Түркия Республикасынын тышкы саясатындагы негизги концепцияларынын бири – тектеш түрк тилдүү өлкөлөр менен мамиле түзүү болуп, ал эми бул концепция дүйнөлүк саясаттын акыркы 20 жылдыктагы орчундуу маселелердин бирине айланган. [1.20] Орто Азияда жаңыдан түптөлүп келе жаткан мамлекеттерге социалдык, экономикалык жана маданий тармакта бир топ жардамдар көрсөтүлүп, булар узак мөөнөттүү долбоорлордун деңгээлине чейин жеткирилген. Жер-жерлерде жүзөгө ашырыла турган иш-чараларды, тышкы саясий маселелерди жөнгө сала турган уюмдардын түзүлүшү зарылчылык туудурган.

ТИКА уюму ТҮРКСОЙ менен биргеликте, өзгөчө 1997-ж. кийинки мезгилде Кыргызстан жана Орто Азиянын башка мамлекеттери менен өтө тыгыз байланыштарды түзүүгө жетишти. 1997–2011-жж. аралыгында 150дөн ашуун ар кандай багыттагы келишимдерге кол коюлган. [3.128] ТИКА агенттигинин ишмердик жүргүзгөн аймагы жылдан жылга өсүп, 2002-жылы координациялоо кеңселери 12ге чейин жеткен болсо, 2011-жылга чейин 25ке, ал эми 2012-жылы 33кө чейин жеткен. Азыркы учурда түрк кызматташтыгы жана координациялоо кеңсесинин башкармалыгы 30 – өнөктөш, 33 –программалык координация жүргүзгөн кеңселер менен кызматташтык түзүп келет. [5.169]

Азыркы учурда «Түркология долбоорунун» алкагында аткарылган иш-чаралардын мааниси абдан чоң. Дүйнөнүн ар кайсы университеттеринде бул

долбоор боюнча атайын борборлор ачылып, жетекчилигине жергиликтүү жана чет элдик изилдөөчүлөр тартылган. Булар менен катар Түркия Республикасынын дагы долбоорду жүргүзгөндөрдүн алдыңкы катарын толукташы өзүнчө сөз кылууга арзый турган маселе деген ойдобуз.

«Түркология долбоору» – орток түрк тилдеринде сүйлөгөн тектеш элдер менен байыркы доордон баштап түзүлгөн маданий байланышты кайрадан жаңыртууну, түрк тилин жайылтууну, байланыштын өнүгүшүн көзөмөлдөө, КМШ өлкөлөрүндө түрк билим берүү системасына ылайык билим берүү, маданий, социалдык, техникалык, соода жана экономикалык кызматташтыктын түзүлүшү үчүн түрк тилинде эркин сүйлөгөн келечектеги муунду тарбиялоону максат кылат. [4.138]

Түркология долбоорун ишке ашырган мекемелерге атайын дарсканалар, китепканалар, тилдик лабораториялар курулуп, окуу китеп, компьютер, интернет, телевизор, спутникалык антенна, vcd-dvd, кассета, проектор ж.б.у.с техникалык жабдык менен камсыздалат. Өзгөчө түркология багытында иштеп жаткан долбоорчуларга, түрк тилин үйрөнгөндөргө Түркиядан изилдөө иштерин жүргүзүүгө шарт түзүү маселеси каралган.

Долбоор катары башка өлкөлөрдө да иштеп жаткан түркология багыты аймактын өзгөчөлүгүнө жараша жергиликтүү калкты иш менен камсыз кылуу, келечекте башка иштер менен алектенүүнү каалагандар үчүн түрк тилин кошумча үйрөнүү курстарын ачуу, түрк тил үйрөтүү борборлорунда практика өтөө мүмкүнчүлүктөрүн түзүү сыяктуу маселелер күн тартибине коюлган. Түркология долбоору киргизилген университеттердеги студенттердин түрк тилине болгон кызыгуусун арттыруу максатында ар кандай мелдештер өткөрүлүп, алдыңкы студенттерге сыйлык берилип турат. Жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардын мейкиндиги жыл сайын кеңейип, түркология долбоору 22 мамлекет, 2 автономдуу республикада ишмердигин улантууда.

Түрк тилинде сүйлөгөндөрдүн, ошондой эле үйрөнүүнү каалагандардын көбөйүшү менен билим кызматташтыгын түзгөн өлкөлөрдүн атынан келип түшкөн ыраазычылык билдирген каттар түздөн-түз түркология долбоорунун ийгилигин айгинелейт. Түркология долбоору менен кызматташ бөлүмдөрдө, борборлордо жыл сайын болжол менен 3500дөй студент түрк тили жана адабият сабагынан башка дагы түрк маданияты менен тарыхын үйрөнүүгө мүмкүнчүлүкалат. [4.141]

ТҮРКСОЙ – түрк дүйнөсүнүн эл аралык маданий мурастарды жайылтуу фонду Кыргызстан ж.б. түрк мамлекеттери үчүн бир катар маанилүү иш-чараларды¸ эл аралык деңгээлдеги маарекелерди өткөрүп келет. ТҮРКСОЙ– бул Түрк маданиятын жана искусствосун биргелешип өнүктүрүү эл аралык уюму. Бул уюмдун негизи 1992-ж.Түрк тилдүү мамлекеттердин маданият

министрлеринин Стамбул (Түркия) шаарындагы жолугушуусунда салынган.1993-ж. 12-июлунда Алматы шаарында алты мамлекет мүчө болгон уюмдун өкүлдөрү – маданият министрлери ТЮРКСОЙдун түзүлүшү үчүн кол коюшкан. Бул уюмга Азербайжан, Казак Республикасы, Кыргыз Республикасы, Түркмөнстан, Түркия Республикасы жана Өзбекстан мүчө болуп киришкен. Уюмдун түзүлүшүнө Гагаузия, Башкортстан, Тыва, Тоолуу Алтай, Хакасия, Түндүк Кипр, Татарстандын өкүлдөрү да байкоочу катары катышышкан. [2.106] ТЮРКСОЙдун аткарган негизги функциялары төмөнкүлөр:

– түрк тилдүү мамлекеттердин, калктардын, общиналардын (диаспора) маданият жана искусство тармагында кызматташуусу;

– түрк тилдүү элдердин маданий баалуулуктарын изилдөө, илимий иликтөө, сактоо жана маданий баалуулуктарды дүйнөлүк масштабда жайылтуу;

– жалпы маданий мейкиндикти түзүү, тарыхый, саясий жана географиялык шарттарга байланыштуу алыстап калган маданиятты бириктирүү, байытуу;

– жалпы маданий баалуулуктарды системага салуу, тактоо, тарыхый эстеликтерди, түрк дүйнөсүнүн маданиятын жана архитектурасын сактоо;

– түрк элдеринин улуттук маданиятттарынын өнүгүү процессине, сакталышына, кайра жаралуусуна, алардын көркөм уникалдуулугунун жана өзгөчөлүгүнүн өнүгүүсүнө көмөк берүү;

– түрк тилдеринин жана алфавиттеринин негиздерин жакындатуу, латын арибине өтүү шарттарын түзүү жана жалпы тил чөйрөсүн калыптандыруу;

– эл аралык маалымат борборун жана түрк калктарынын маданияты боюнча архивди түзүү ж.б.

Учурда дүйнөдө 200 миллионго жакын түрк тилдүү калктардын өкүлдөрү жашайт. Түрк дүйнөсүнүн руханий мурастары, анын көп кылымдык субмаданияты жалпы дүйнөлүк маданияттын бир бөлүгү болуп саналат. Түрк маданиятын жана искусствосун сактоого жана даңазалоо үчүн курулган бул уюм соңку жылдардын ичинде бир катар иш-чараларды турмушка ашырды. ТЮРКСОЙ көп профилдүү иш-аракеттерди, бул уюм аркылуу маданият жана искусство тармагындагы өз ара байланыштарды, маданий алмашууларды жөнгө салып турат. Эл аралык бул уюм ТҮРКСОЙго катышкан көз каранды эмес мамлекеттердин суверендүүлүгүн сыйлайт, бул өлкөлөрдүн саясий багыттарына киришпейт деп жазылат.

Экинчи бап **«Билим берүү, илим жана маданият тармактарындагы байланыштардын өнүгүүсү жана келечеги»** деп аталып, өзүнө үч бөлүктү камтыйт. Анда эки өлкөнүн билим берүү тармагындагы кызматташтыгы

алкагында мамлекеттик жана эл аралык билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгү талданган. Биринчи Түркиянын **«Мамлекеттик билим берүү мекемелери жана алардын Кыргызстандагы ишмердүүлүгү»** деп аталган бөлүктө Кыргызстан жана Түркия ортосунда түзүлгөн келишимдердин натыйжасында курулган билим берүү жайларынын ишмердүүлүгү жана жетишилген ийгиликтер кеңири чагылдырылган.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдарынын эл аралык окуу жайларды ачууга мүмкүндүк бериши чет өлкөлүк мамлекеттердин биргелешкен эл аралык университеттерди ачууга шарт түздү. Өзгөчө, Кыргызстан Түркия ортосунда түзүлгөн мамлекеттер аралык келишимдер буга ачык айкын далил боло алат. [3.134]

Бүгүнкү күндө жыйырма жыл иштеп жаткан университет эл аралык жана республикалык рейтингдер боюнча Кыргыз Республикасындагы алдыңкы университеттерден болуп саналат. Кыргызстан жана Түркиянын ортосундагы келишимге ылайык, Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарында эки мамлекет тарабынан каржыланган эл аралык университет ачуу каралган. Анын жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев 1995-ж. 19-апрелинде “Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк университетин түзүү жөнүндө” (ПУ N 103) Указга кол койгон. Кыргыз-Түрк “Манас” университети 1992-ж. 3-мартындагы эки тараптуу Келишимдин негизинде ачылган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Указында ошол учурдагы Кыргыз өкмөтүнүн Транспорт министрлигинин мамлекеттик “Кыргызжолтрансдолбоор” долбоорлоо институтунун имаратын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин балансына берүү тууралу, аны бир ай мөөнөттүн ичинде чечүү каралган эле. [1.11] Бул имарат учурда Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин башкы корпусу катары кызмат өтөйт. Тагыраак айтканда, эл аралык Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин алгачкы бешиги жана башаты болуп, дал ушул окуу корпусу болуп калды.

2012-ж. чейин Кыргыз-Түрк “Манас университетинде 16 мамлекеттен 27 улуттун өкүлдөрү татыктуу билим алышты. Булар мисалга төмөнкү мамлекеттер: Кыргызстан, Казакстан, Түркия, Түндүк Кипр Республикасы, Кытай, Монголия, Өзбекстан, Тажикстан, Азербайжан, Афганистан, Татарстан, Чувашия, Башкортостан, Тува, Тоолуу Алтай, Хакас Республикасы, Россия ж.б. санап өтүүгө болот. Кыргызстанда эл аралык университеттин ачылышы менен өлкөгө дасыккан, илимий кабары бир катар өлкөлөргө таанылган тажрыйбалуу окумуштуулар, алардын ичинен профессорлор, доценттер келип иштөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. [1.134]

Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана маданият министрлиги жана Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министрликтеринин ортосундагы макулдашууларга ылайык, Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаарында Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министрлигинин алдындагы Бишкектеги түрк башталгыч мектеби, Кыргыз-Түрк Анадолу эркек балдар лицейи, кыздардын Кыргыз-Түрк Анадолу кесипчилик лицейи, Бишкектеги Түрк тилин окуп-үйрөнүү борбору ачылган. [2.62] Бүгүнкү күндө аталган окуу жана тил үйрөтүү мекемелери өз иштерин улантып жатат. Мисалы, Түрк башталгыч мектебинде бир гана Түркия атуулдарынын эмес, жергиликтүү атуулдардын да балдары билим алып жатышат. Кыргыз Республикасынын жана Түркиянын билим берүү министрликтеринин ортосундагы 1992-ж. 3-мартында кол коюлган Токтомунда (8-берене) “Түрк тарабы Кыргыз Республикасында түрк тилин тереңдетип окуй турган мектеп же колледж ачууну колдойт жана аны окутуунун бардык каражаттары менен жабдуу, окуу китептери жана окуу-техникалык адабияттар менен камсыз кылууга жардам берет” деп жазылат. [1.10] Демек, эки тараптуу кол коюлган келишимдердин негиздери турмушка ашып жатат.

1992-ж.3-мартында ачылып ишин баштаган Кыздардын кесиптик лицейи Түркия Республикасы жана Кыргызстан ортосунда түзүлгөн «Билим берүү, маданият жана илим тармагында кызматташтык Келишимине» ылайык ачылган. Бул келишимдердин негизги өзөгү 1992-ж. 3-мартында эки мамлекеттин билим министрлеринин катышуусу менен ишке ашкан. Анда мындайча (7-берене) берене бар: “Түрк тарабы Кыргыз Республикасында түрк тилин терендетип окуй турган мектеп же колледж ачууну колдойт жана аны окутуунун материалдык каражаттары менен жабдуу, окуу китеби жана окутуу-техникалык адабият менен камсыз кылууга жардам берет. [1.10] Окуу мекемесинин негизги максаты – билимдүү, иш дүйнөсү ж. б. тийиштүү тармактарда заманбап илим жана технология менен камсыз болгон, өз кесибин сүйгөн, өзүн жана айлана-чөйрөсүн туура аңдап билген, англис, түрк жана кыргыз тилдерин билген мыкты кадрларды даярдоо.

Кыргызстандагы 110 лицейдин арасынан кыргыз-түрк Анадолу кыздар кесиптик лицейи эл аралык статуска ээ болгон жалгыз окуу жайы болуп эсептелет. Лицейдин материалдык-техникалык базасы бүгүнкү күндүн талабына ылайык заманбап технология менен жабдылган окуу бөлмөлөрү, компьютердик класстар, ателье жана лабораториялар бар. Кыргызстандын бардык аймактарынан келген окуучу кыздар жатаканалар менен камсыз болушуп, лицейдин ашканасынан үч маал бекер тамактанышат. Буларга кеткен чыгымдарды Түркия өкмөтү өзү каржылайт. Лицейден билим алган кыздар өз адистиктери боюнча (кийим тигүүчү, компьютердик адистиктегилер) кийим тигүүчү ишканаларда, басмакана, компьютердик борборлордо

иштей алышары анык. Мындан сырткары, окуусун улантууну каалагандар Түркиянын жогорку окуу жайларынан билимдерин уланта алышат. Бүгүнкү тез өзгөрүлүп жаткан дүйнөдө алган билимди улам жаңылап туруу замандын талабы. Билим берүү тармагындагы реформалардын негизги өзөгүн жаштарга тынымсыз билим берип туруу шарттарын түзүү керек. [2.29]

Бишкек шаарындагы Анадолу эркек балдар лицейи 1992-ж.март айында Түркиянын Улуттук билим берүү министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги ортосунда түзүлгөн Протоколго ылайык өз билим берүү ишмердүүлүгүнө киришкен. Бул протоколдо "Түрк тарабы (8-берене) токтом күчүндө турган мезгил ичинде Түркиянын жогорку окуу жайларында, кеиптик-техникалык мектептеринде жана коллеждеринде окуу үчүн Кыргызстандык окуучулар менен студенттерге бир миңге чейинки сандагы стипендия бөлүп берүү мүмкүнчүлүгүн карайт. Бул окуучулар менен студентеридин кайсыл адистиктерге баруусу өзүнчө макулдашылат. [1.10] 1992-ж. 14-июлда Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин №224 Указына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 446 (08.09.1992) Токтомуна ылайык Бишкек шаарында эркек балдардын кыргыз-түрк лицейи ачылган. [1.10]

1992-ж. 3-мартында Кыргыз Республикасынын Билим берүү илим жана министрлиги жана Түркия Республикасынын Улуттук агартуу министрлигинин жетекчилери эки тараптуу келишимдин токтомуна кол коюшкан. Анда, Бишкекте түрк тилин үйрөтүү Борборун түзүү тууралуу тараптар атайын документке кол коюшкан. "Тараптар Бишкек шаарында (20-берене) Түрк тилин окуп-үйрөнүү борборун ачууну каалашты. Кыргыз тарабы бул Борборду имарат менен камсыз кылат. Борборду мугалимдер, окуу китептери, окуу-методикалык адабияттар менен камсыз кылуу, материалдык-техникалык жактан каржылоо жагын Түрк тарабы өзүнө алат" –деген берене бар . [1.10]

Ушул келишимдердин негизинде Бишкек шаарында түрк тилин окуп-үйрөнүү Борбору ачылып, анда окуучулар түрк тилин үйрөнө башташкан.

ТӨМЕР (Түрк тилин үйрөтүү борбору) 1996-1997 окуу жылында Бишкек гуманитардык университетинин имаратында ачылган. Кийинчерээк, 2002-ж. тартып Кыргыз Мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинде өз ишин улантып келүүдө. [5.207]

Экинчи баптын экинчи бөлүгү **"Мамлекеттик эмес билим берүү мекемелеринин калыптануусу жана ишмердүүлүгү** деп аталып, темада белгиленген эки билим берүү мекемесинин мисалында жана кеңири расмий статистикалык маалыматтардын негизинде маалыматтар талкуулоого багышталган.

Кыргызстанда эки тараптуу келишимдерге ылайык билим берүү багытында кыргыз-түрк кызматташтыгы өнүгүп жатат. Кыргызстанда учурда 13 кыргыз-түрк лицейи, “Ататүрк-Алатоо” университети, ыктыярдуу каражаттар менен курулган “Себат” билим берүү фирмасы ийгиликтүү иштеп жатат. [2.60] 1992-ж. 2-майында Кыргыз Республикасынын Билим, илим жана маданият министрлиги менен Түркиядагы “Sebat A.S.” жеке менчик билим берүү мекемеси “Билим жаатындагы кызматташтык жөнүндө келишимге кол коюшкан. Натыйжада, билим берүү тармагын дүйнөлүк системага интеграциялоо жана кадрларды даярдоо максатында Кыргызстанда “Себат” билим берүү мекемеси түзүлгөн. [3.314] Түзүлгөн келишим боюнча Кыргызстан тарап окуу корпустары, жатаканалары менен камсыздаса, түрк тарабы материалдык-техникалык базаны кайра куруу, аны заманбап талапка жооп берчү абалга жеткирүү милдетин алышкан.

“Себат” билим берүү мекемесинин курамына кирген кыргыз-түрк лицейлеринин негизги багыты бир нече чет тилдерин, жаңы компьютердин технологиялардын негизинде табигый-математикалык сабактарды (предметтерди) англис тилинде окутуу, аларга терең билим берүү, күндүзнү жана интернет тибиндеги окуу жайболгондуктан окуучулардын таалим –тарбиясын улуттук адептин нугунда тарбиялоого багытталган. [3.134]

Бүгүнкү күндө окутуу процессинин эффективдүүлүгү маалымат технологияларына байланыштуу. Маалымат технологияларын пайдалануу окуучулардын сынчыл ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, жалпы билим берүү мазмунуна сырткы маалыматты кошууга, аны системалык түрдө предметтик билим, билгичтигининин калыптануусуна, ошону менен бирге өз алдынча ар кандай маалыматтарды издеп табууга, даярдоого, жөнөтүүгө шарт түзөт. Бул максатка жетүү үчүн ар бир лицейде тиешелүү материалдык-техникалык база түзүлгөн. Лицейлер талапка ылайык окутуучу жана демонстрациялоо каражаттары менен жабдылган. Мультимедия борборлору түзүлгөн, чет тилдерди окутуу боюнча техникалык каражаттар жетиштүү. Бардык лицейлер дүйнөлүк интернет байланыш системасына кошулган. Окутуунун мультимедиялык каражаттарын колдонуу менен мугалимдер айрым предметтер боюнча өздөрүнүн окутуу программаларын түзүп алышкан. [2.53]

«Себат» билим берүү мекемесинин эң негизги шарттарынын бири лицей астындагы заманбап стандарт менен курулган ыңгайлуу мектеп-интернаттарынын болушу. Бардык лицейлерде билим алуу үчүн акы төлөө системасына дифференциалдуу мамиле кылуу талабы коюлган. [2.53] Кабыл алуу сынагында жогорку балл алган окуучулар, көп балалуу жана жашоо шарты төмөн үйбүлөлөрдүн балдарына атайын жеңилдиктер берилет. «Себат» билим берүү мекемелеринин негизги максаты – дүйнөлүк

стандарттарга ылайык билим берүү, гумандуулук, демократия, адамзат баалуулуктарын сыйлай билүү, жогорку деңгээлдеги билим берүү болуп саналат.Мекемелердин окуу программасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин базалык окуу планына ылайык иштелип чыгат жана бекитилет. Окуу программасынын негизи лицейдин айрым өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен мамлекеттик билим берүү стандартына жооп берет. Билим берүү мекемелеринде англис тили, информатика сабактары тереңдетилип окутулат. Мындан сырткары, гуманитардык багытагы окуу предметтери болгон Ата Мекен жана дүйнөлүк тарыхты, эне тилди, адабият, сүрөт искусствосу, дене тарбия сабактары мамлекеттик (кыргыз) жана расмий (орус) тилдеринде жүргүзүлөт. Түрк тили сөзсуз окула турган предметтерден болуп саналат.Табигый-математикалык циклдин предметтери англис тилинде берилет. Экинчи чет тил катары түрк тили окутулат. Гуманитардык жана эстетикалык циклдеги предметтер кыргыз жана орус тилдеринде окутулат. [3.134]

Эл аралык Ататүрк-Ала-Тоо университеттин ачылышына ошол учурдагы Кыргыз Республикасынын премьер-министри Кубанычбек Жумалиев жана Түркия Республикасынын премьер-министри Месут Йылмаз катышкан. Эки өлкөнүн баш министрлери катышкан бул салтанаттуу ачылыш аземи 1998-ж. 15-апрелинде болуп өткөн. Ал эми 2002-ж. 27-октябрында Эл аралык Ататүрк-Ала-Тоо университетинин жаңы окуу корпусу пайдаланууга берилген

**Үчүнчү бөлүк «Маданий-гуманитардык багыттагы алакалардын өнүгүшү»** деп аталып Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы маданият тармагындагы кызматташтык, бул багытта түзүлгөн келишимдер, алардын натыйжаларына талдоо жүргүзүлгөн.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон күндөн тартып элчилик денгээлдеги алакаларды түзгөн мамлекеттер менен маданий гуманитардык багыттагы байланыштарды чыңдап келет. Кыргыз Республикасы менен маданий багыттагы алакаларды боордош Түркия Республикасы да эгемендүүлүктүн эң алгачкы жылдары түзгөн мамлекеттердин бири болуп саналат. Эки өлкөнүн маданий багыттагы байланыштары кеңири чөйрөнү камтып, алар элдин руханий жана материалдык маданиятынын үлгүлөрү, искусство, анын ичинен кино, театр өнөрү, живопись, скульптура ж.б. кучагына камтыйт. Мындан сырткары, манасчылык, айтыш өнөрү, элдик театр, китеп басып чыгаруу жана аларды пропагандалоо, эки өлкөнүн жазуучу акындарынын чыгармаларын эл ичине жайылтуу иш-аракеттери жүрүп 1995-ж. эки боордош элдердин тарыхындагы урунтуу жылдардан болду. Бул жылы "Манас” эпосунун 1000 жылдык торколуу маарекеси жогорку деңгээлде уюштурулду. Түркиянын өкмөтү тарабынан бул

маарakeни өткөрүү үчүн колдоо иретинде 100 миң АКШ доллары бөлүнүп берилди. [2.60] Түркия Республикасы мындан сырткары, “Манас” эпосуна байланышкан бир катар китептер, даректүү (документалдуу) фильмдер тартылды. Салтанатты CNN каналдары аркылуу Түркиянын мамлекеттик телевидениеси бүткүл дүйнөлүк аудиторияга жайылтышты. Түркия Республикасынын 33 университетинде “Манас” эпосу жана аны жайылтуу боюнча конференциялар, симпозиумдар болуп өттү. “Манас” эпосу аркылуу жалпы түрк маданий баалуулуктары дүйнө элдерине сунуш кылынды. [2.60]

Маданий-гуманитардык багыттагы алакалардын түпкү мааниси да эки элдин тарыхый жалпылыгын чагылдырат. Мисалы, Түркия Республикасынын борбору Анкара шаарынын жана провинция борбору Чорумда негизги эс алуучу парктар Манас атына ээ болушту. Анкара шаарынын негизги көчөлөрүнүн бирине Бишкек шаарынын аты берилген. [2.60]Өз кезегинде Кыргызстанда түрк элинин улуу уулу, Түркия Республикасынын негиз салуучусу Мустафа Кемал Ататүрктүн калтырган осуяттарын кунт коюп окуп келишет. Кыргызстанда Эл аралык Ататүрк фонду түзүлгөн. Мустафа Кемал Ататүрктүн атына Бишкек шаарындагы негизги сейил бактын аты коюлган, улуу инсандын эстелиги шаардын тарыхый жайларынан өзүнүн татыктуу орунун тапты. Улуу инсандын калтырган мурастары өсүп келе жаткан муун үчүн багыттоочу жол болуп калары ырас . [2.60]

Кыргызстан менен Түркия Республикасынын арасындагы маданият багытында орток баалуулуктардын өркүндөтүлүшүн, өнүгүшүн максат кылган уюмдардын салымы чоң. Бул уюмдар аркылуу ар түрдүү маданий, көркөм искусство тармагында иш-чаралар өткөрүлүп маданий-социалдык жактан бир топ жаңылыктар болуп өттү. ТҮРКСОЙ, КЫТИАД, Кыргызстан студенттеринин платформасы ж.б. уюмдар жалпы түрк маданиятын өз ара алакаларынын өнүгүүсүнө белгилүү деңдээлде салымдарын кошууда. Эки тараптуу түзүлгөн келишимдерге ылайык, Түркияда же Кыргызстанда концерттик программалар, сүрөт көргөзмөлөрү, маданий таанытым күндөрү уюштурулууда.

## КОРУТУНДУ

Жалпылап айтканда, Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин эл аралык мамилелерге өз алдынча катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, башка өлкөлөр менен көп тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүү маселесине өзгөчө маани бере баштаган. Кыргызстан менен Түркиянын мамилеси 1991-жылы Кыргызстан эгемендүүлүгүн жарыялап, Анкара Кыргызстандын эгемендүүлүгүн биринчи болуп таанып, 1992-жылдын башында Бишкекте элчилигин ачуусу менен башталган.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын тышкы саясатында Түрк Республикасы менен эки жана көп тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүү багыттарында олуттуу иш-чаралар аткарылгандыгын илимий изилдөө далилдеп турат. Алардын негизинде Кыргызстан менен Түркиянын гуманитардык мамилелеринин өнүгүшү боюнча төмөндөгүдөй тыянактар чыгарылды:

1. Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы байланыш 1991-жылдын 16-декабрынан башталат. Ошол күндөн бери эки өлкөнүн ортосунда эки жана көп тараптуу мамилелер бекемделип, мамлекет башчыларынын колдоосуна алынып келет. Кыргыз Республикасы менен Түрк Республикасынын ортосундагы дипломатиялык мамилелерди иликтөөдө мамлекет башчыларынын расмий жолугушуулары терең талдоого алынып, алардын эки жана көп тараптуу байланыштарды чыңдоо аракеттери бир нече этаптарда, багыттарда жана ар кандай деңгээлде өнүккөндүгү аныкталды.

2. Кыргызстандын Түркия менен мамилеси «Түбөлүк достук» жана «XXI кылымга илим менен бирге» аттуу келишимдеринин негизинде өнүгүүдө. Аталган келишимдер алкагында билим берүү жаатында көптөгөн маанилүү иш-чаралар жүзөгө ашкан. Эки өлкөнүн ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде бир нече Түркиялык, лицейлер жана бейөкмөттүк билим берүү мекемелери ачылып, алар Кыргызстанда натыйжалуу иш алып бара жатканы далилденди.

3. Кыргыз Республикасынын Түркия мамлекети менен илимий байланыштарынын өнүгүшү кыйла жемиштүү болду. Натыйжада, биргелешкен илимий долбоорлордун ишке ашышы эки өлкөнүн окумуштууларынын дүйнөлүк кадыр баркын жогорулатты.

4. Жыйырма жылдык мамиленин тарыхында эң ийгиликтүү жана жемиштүү байланыштар жогорку билим берүү тармагында түзүлгөн. Кыргызстанда ачылган, эл аралык Кыргыз-Түрк «Манас», Ататүрк – Ала-Тоо университеттери кыргызстандык жаштардын дүйнөлүк деңгээлде билим алуусуна жол ачкан.

5. Эки өлкөнүн гуманитардык багыттагы терең кызматташуусунун натыйжасында Кыргызстандык жаштар Түркиянын жогорку окуу жайларында билим алышса, Түркиялык жаштар Кыргызстандын жогорку окуу жайларында билим алышууда.

6. Кыргызстан Түркия жана түрк тилдүү мамлекеттер менен маданий байланыштарды өнүктүрүүгө орчундуу көңүл буруууда. Өзгөчө «Түрксой» эл аралык уюмунун Кыргыз Республикасынын маданият жана туризм министрлиги менен бирдикте өткөргөн маданият күндөрү, сүрөт көргөзмөлөрү, кино фестивалдары, эл аралык концерттери, жазуучулар менен акындардын кечелери өлкөлөр ортосундагы маданий кызматташтыкты бекемдеди. Кыргыз

Республикасында өткөрүлгөн «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекеси, Мустафа Кемал Ататүрктү эскерүү жыйындары, улуу инсандардын чыгармачылыгына арналган поэзия кечелери өлкөлөр ортосундагы байланыштарды чындоого салым кошту.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Илимий изилдөөнүн негизинде төмөндөгүдөй сунуштар иштелип чыкты:

Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы эки жана көп тараптуу кызматташтыктын 20 жылдык жыйынтыгын жактырып, бул багыттардагы мүчүлүштүктөрдү жоюууга чара көрүш керек;

-эгемендүү Кыргыз Республикасынын 20 жылдык социалдык-маданий мамилелеринин өнүгүү тажрыйбасына таянып, эки мамлекеттин тышкы саясатын жүргүзүү боюнча жаңы концепциясын иштеп чыгуу мезгил талабы болуп саналат;

-эки өлкөнүн эл аралык мамилелеринин чыңдалышында социалдык-маданий тармактагы кызматташуу абдан чоң роль ойнойт. Андыктан ушул багытта аткарылып жаткан иш-чараларга өзгөчө көңүл буруу максаттуу болуп саналат;

-Кыргыз Республикасынын билим, илим жана маданий иштерин жакшыртуу максатында Түркия Республикасы тарабынан берилген инвестицияны туура колдонуу саясатын ырааттуу жана принципиалдуу негизде жүргүзүү керек;

- Кыргызстан менен Түркиянын социалдык-маданий мамилесинин бекемделишине салымын кошуп, эмгектенген уюмдарга жана атуулдарга ар тараптан колдоо көрсөтүү керек;

жаштардын билим алышын мамлекеттик келишимдердин негизинде жүргүзүү зарыл. Мындай тажрыйба Кыргызстан менен Түркиянын билим берүү багытында туура жолго коюлган. Эки өлкөдө иштеп жана билим алып жаткан жарандардын укуктарын коргоо максатында түзүлгөн атайын келишимдер эки өлкөнүн ыйгарымдуу өкүлдөрү менен биргеликте чечилиши шарт;

-Түркия мамлекетинин Кыргызстандын билим берүү тармагына ири инвестицияларды беришин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Билим берүү жана илим министрлиги ар тараптан колдоого алып, мындан ары байланыштарды чыңдоо багытында жаңы иш-чараларды иштеп чыгышы зарыл;

- Кыргызстандагы илимий-педагогикалык ишмердүүлүктү аркалаган Түркиялык атуулдарды атайын уруксат кагазын (квота, виза) алуудан бошотуу - эки өлкөнүн педагог-илимпоздорунун эркин эмгектенүүсүнө шарт түзмөк.

**Диссертациялык иштин негизги жоболору, натыйжалары жана жыйынтыктары автордун төмөнкү макалаларында жарыяланган:**

1. Kırgızistan Tarihi ve Medeniyetinin Türk Basılı Yaymlarında yansıması, Международной научной конференции «Кыргызский Каганат в Контексте Тюркской Цивилизации:Проблемы Кыргызоведения», Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына15-16 Ноября 2012 г,Част -2 142 с, Бишкек
2. Kırgızistan Türkiye İlişkilerinde ‘’TÖMER’’ КНУ им. Жусупа Баласагына, Актуальные Проблемы Истории Кыргызстана, Материалы Респ. Науч. Конф., посвящен. 80-летию проф. Аттокурова С. А. с. 199 Бишкек 2013
3. «Кыргызстанда түрк тилин үйрөтүү борбору»\\VI Эл аралык илимий-практикалык конференция. Сулейман Демирел Атындагы Университет б.309 24/26.04.2014 Алма-Ата,
4. «Билим берүү системасынын жаңылануу жолдору»\\ КГПУ И.Арабаеватындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин коомдук илимдер журналы б.104 Бишкек 2014
5. “Задачи Образования в Развивающимся Государстве”Журнал «Хабаршы-Вестник Казахского национального педагогического университета имени Абая. Серия «Исторические и социально-политические науки»№4(43), 2014
6. ‘’Kirgizistan Milli Oyunları’’Түрк Элдеринин Салттуу Спорттук Оюндары аттуу Эл аралык Симпозиум. КТУ «Манас»Бишкек 2015 59-63
7. Кыргызско-Турецкий университет Манас системные изменения позиций образования в Высшей школе Кыргызской Республики Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына,Спец.выпуск 2014–С.258-265
8. Взаимоотношения Кыргызстана С Турецкой Республикой В Области Образования УЧЕНЫЙ XXI ВЕКА международный научный журнал № 4-1 (17), апрель 2016 г.
9. Развитие Отношений Между Турцией И Кыргызстаном В Области Образования, Науки И Культуры УЧЕНЫЙ XXI ВЕКА международный научный журнал No 5-3(18), май 2016 г
10. Туркия Менен Кыргызстандын Билим Берүү, Илим жана маданият Багытындагы Келишимдери Жана Аларды Ишке Ашыруу Аракеттери УЧЕНЫЙ XXI ВЕКА международный науч. журнал No 5-3(18), май 2016 г.
11. ТИКА жана Кыргыз –Турк Алакалары, Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына,Спец.выпуск 2015 Бишкек
12. Кыргызстан тарыхы жана маданиятынын туркчо басмаларында чагылдуруусу Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына, Спец.выпуск 2015 Бишкек

**Кадри Аггүндүн «Билим, илим жана маданият тармагындагы Кыргызстан менен Түркиянын кызматташтыгы» деген темадагы 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына талапкер диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** билим берүү, билим берүү кызматташтыгы, социо-маданий кызматташтык, дипломатиялык байланыштар, ЖОЖ, ТӨМЕР, ТИКА, ТҮРКСОЙ, эл аралык уюмдар, фонддор, тюркология долбоору.

**Диссертациялык иштин максаты:** Эгемендүү Кыргызстан менен Түркия мамлекетинин ортосундагы мыкты сапаттагы адам ресурстарын даярдоо боюнча болгон гуманитардык багыттагы кызматташтыктын 20 жылдык тарыхын изилдөө болуп саналат.

**Диссертациянын изилдөө объектиси** болуп Кыргызстан менен Түркиянын 20 жылдык кызматташуусунун тарыхы эсептелет.

**Эмгектин изилдөө предмети** болуп эки өлкө ортосундагы гуманитардык багыттагы адам ресурстарын өнүктүрүүгө арналган билим, илим жана маданият жаатындагы алакалаштыктар белгиленет.

**Диссертациялык изилдөөнүн усулдары:** диссертацияны жазууда объективдүүлүк, диалектикалык, салыштырмалуулук, тарыхый-системалык, тарыхый-типологиялык жана статистикалык усулдар колдонулуп,историзмдин принциптери менен хронологиялык ырааттуулукта талдоо жүргүзүлдү. Материалдар синтезден өтүп, социологиялык иликтөө усулдары да пайдаланылды.

**Диссертациянын натыйжалары жана илимий жаңылыгы:** диссертацияда Кыргызстан жана Түркия Республикасынын билим берүү жана маданий тармактардагы кызматташтыгы, түзүлгөн келишимдер жана алардын натыйжалары, эки тараптуу социалдык-маданий алакалар, бул багытта жүргүзүлгөн иш-аракеттер архивдик материалдардын, илимий монографиялардын ж.б. булактардын негизинде комплекстүү изилденди.

**Пайдалануу даражасы жана сунуштар:** Илимий иликтөөнүн негизги жыйынтыктарын жана сунуштарын эки өлкөнүн социалдык–экономикалык, маданий-гуманитардык алакалары боюнча монографияны даярдоодо, Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын жаңы концепциясын иштеп чыгууда, социалдык-маданий кызматташуу багытындагы мамлекеттик программаларды даярдоодо, диссертациядагы илимий-теориялык жыйынтыктар жана илимий-методологиялык сунуштарды Кыргызстандын жалпы тарыхын жазууда, жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн лекцияларды даярдоодо, курстук, дипломдук иштерди аткарууда жана илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө пайдаланууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**Диссертационное исследование Кадри Аггүн на тему: «Отношения между Кыргызстаном и Турецкой Республикой в области образования, науки и культуры, их развитие в период времени (1992-2012гг.)» на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история**

**Ключевые слова**: образование, договор, социо-культурное сотрудничество, дипломатические связи, ВУЗ, TÖMER, ТИКА, ТЮРКСОЙ, международные отношения, фонды, тюркология, проект тюркология.

**Цель исследования**: Выявить достижения двадцатилетних взаимоотношений Кыргызстана и Турции в гуманитарной областив сферах образования, науки и культуры.

**Объектом исследования:** является 20 летнее сотрудничество между Кыргызстаном и Турцией.

**Предметом исследования:** является сотрудничество между двумя государствами в области образования, науки и культуры для развития человеческого ресурса.

**Методологическая основа диссертации**: в написании диссертации использовались объективные, диалектические, сравнительные, историко-системные, историко-типологические, статистические методы анализа, применен принцип историзма и хронологический порядок изложения. Материалы синтезировались, использовались социологические методы исследования.

**Полученные результаты и их новизна**:

В диссертации комплексно исследованы научные монографии, архивные материалы, официальные международные договора и соглашения подписанные между Кыргызстаном и Турецкой Республикой в области науки, культуры и образования и информация о мероприятиях проведенных для достижения цели этих договоров.

**Практическое значение исследования**: Результаты данного исследования, выводы и решения которые оно предлагает могут быть использованы в монографиях касающихся тем двухстороннего сотрудничества двух стран в социальной –экономической, гуманитарно-культурной сферах, в разработке новой концепции внешней политики Кыргызской Республики, в создании государственных программ в области социально-культурного сотрудничества, научно-методологические выводы могут внести вклад в написание современной истории Кыргызстана, подготовке лекций для студентов ВУЗов, и служить источником для курсовых, дипломных работ и научных исследований.

# SUMMARY

Dissertation research by Kadri Aggun on the topic:
"Relations between Kyrgyzstan and Republic of Turkey in the Field of Education, Science and Culture, their Development for the Period from 1992 to 2012" for the degree of candidate of historical sciences. Major: 07.00.02 - Homeland History

**Key words**: education, cooperation in the field of education, educational institutions, treaty, socio-cultural cooperation, diplomatic relations, university, TOMER, TIKA, TURKSOY, international relations, foundations, Turkology, Turkology project.

**Objective**: To reveal the real achievements of twenty-year multilateral socio-cultural relations between Kyrgyzstan and Turkey and evaluate the impact of the development of relations in the field of education, science and culture in the economic, social and cultural growth of the Kyrgyz Republic and Turkey. The dissertation research raises a number of issues related to the forecast for the future relations between the two countries in the fields of education, science and culture.

**The methodological basis of the dissertation**: during writing the dissertation objective, dialectical, comparative, historical, systemic, historical - typological, statistical analysis techniques are were applied, the principle of historicism and the chronological order of presentation were applied. The materials were being synthesized, sociological research methods were used.

**The results and their novelty**:

Scientific monographs, archival materials, the official international treaties and agreements signed between Kyrgyzstan and the Republic of Turkey in the field of science, culture and education and information on the activities undertaken to achieve the objective of these treaties comprehensively investigated in the dissertation.

**The practical significance of the research**: The results of this research, findings and solutions that it offers can be used in the monographs relating to the bilateral cooperation between the two countries in the social economic, humanitarian and cultural spheres, in developing a new foreign policy concept of the Kyrgyz Republic, in the creation of the state programs in the field of socio-cultural cooperation, scientific and methodological conclusions can contribute to the writing of the modern history of Kyrgyzstan, preparation of lectures for students, and serve as a source for student work and research.

Подписано к печати 30.09.16
Формат 60х84 1/16 Объем 1,6 п.л.
Тираж 100 экз. Печать офсетная.

Отпечатано в типографии ЧП Сарыбаев Т.Т.
г. Бишкек, ул. Раззакова, 49
т. 62-67-76